Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Жамаатык ЖМКлардын Бирлиги

ТЕКШЕРДИМ!

Internews в Кыргызстане

# Акмат менен Ташматтын күндөлүктөрү


Сценарийдин автору
Эльмира Токтогулова, медиаэксперт.


Кеңешчи
Тынчтыкбек Бакытов, психолог, гендердик эксперт




**Кымбаттуу достор!**
Бул Акмат жана Ташмат. Алар эң жакын достордон - айылдын карапайым жигиттери: Акмат сабырдуу, окууга абдан жеңил, токтоо, эстүү, ал эми досу Ташмат абдан эмоционалдуу, ишенчээк жана ушундан улам кызыктуу жагдайларга көп кабылат. Айдана алардын кошунасы жана досу, ал сезимтал, ар дайым жардам берүүгө даяр. Апаке - бул Акматтын акылман, тажрыйбалуу апасы, пенсиядагы дарыгер. Апаке да окуяларда маанилүү ролду ойнойт. Ал эми Майрам менен Сайра – Акмат менен Ташматтын жубайлары.

7 сериядан турган комиксте айыл турмушун чагылдырган башка каармандар да пайда болот. Келгиле, алар менен чогуу биз медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жолунда кызыктуу окуялардан өтүп, сабаттуу болууга үйрөнөбүз!

# 6-серия: Мектептеги зомбулук акыры трагедия менен аякташы мүмкүн.




МУГАЛИМ КУБАНЫЧ — МУРДАГЫ АСКЕР КЫЗМАТКЕРИ. АЛ ДЕНЕ ТАРБИЯ САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫ АТЫ-ЖӨНҮ БОЮНЧА ЧАКЫРЫП ЖАТАТ.
НУРГАЗЫ!
МЕН...
ЭМНЕ, КЫЗДАРЧА БЫШЫЛДАЙСЫҢ?! ЭРКЕК ДЕГЕН ҮНҮН КАТУУ ЧЫГАРЫШЫ КЕРЕК!
МЕН... МЕН ЖӨН ГАНА ЖООП БЕРДИМ...
БАЛКИМ, ЧАЧЫҢДЫ ӨРҮП АЛАСЫҢ? ЭРКЕКСИҢБИ ЖЕ ЖОКПУ!
НУРГАЗЫ БАШЫН ЖЕРГЕ САЛЫП ТУРУП КАЛДЫ. ЖЕР ЖАРЫЛЫП КЕТСЕ, ОШОЛ ЖЕРГЕ КИРИП КЕТКИСИ КЕЛИП ТУРДУ. КОЛУ КАЛЧЫЛДАП, ЖҮРӨГҮ КЫСЫЛЫП, АДИЛЕТСИЗДИККЕ ЧЫДАЙ АЛБАЙ ТУРГАН КЕЗИ.
ХА ХА ХА ХА ХА ХА ХА ХА
БҮТ ДҮЙНӨ МАГА КАРШЫ ЧЫККАНДАЙ. ЭМНЕ ҮЧҮН ДАЛ МЕН УШУНДАЙ КҮНГӨ ТУШ БОЛДУМ?
7-Б классташар 🔥
Нургазы – кыз экен! 08:57
Эртең розовый көйнөк менен кел!))) 08:57
Балдар, Нургазыга бойкот жарыялайбыз! 08:57
КАРАГЫЛА, БИЗДИН "ПРИНЦЕССА" КЕТИП БАРА ЖАТАТ!
НУРГАЗЫ ЖАЛГЫЗ, БАШЫН ЖЕРГЕ САЛЫП, МЕКТЕПТЕН ТЕЗ ЧЫГЫП КЕТҮҮГӨ АРАКЕТ КЫЛАТ.
БУЛ КӨРҮНҮШТҮ АЛЫСТАН АЙДАНА БАЙКАП, КАБАГЫН ТҮЙҮП КАРАП ТУРАТ...


КЕЧКИ УЧУР. АЙДАНА КОШУНАЛАРЫНА КЕЛЕТ.
БИЗДИН МЕКТЕПКЕ ЖАҢЫ КОШУЛГАН БАЛАНЫ МАЗАКТАП ЖАТЫШАТ. АТАСЫ КӨП ИЧЕТ ЭКЕН, АПАСЫ ООРУКЧАН ДЕШЕТ... АГАСЫ ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕ ОКУЙТ. ЖАРДАМ СУРАЙ ТУРГАН ЭЧ КИМИСИ ЖОК ОКШОЙТ...
ДАРЫГЕР КАТАРЫ МЫНДАЙ ОКУЯЛАРДАН УЛАМ ЧЫДАЙ АЛБАГАН БАЛДАРДЫ НЕЧЕН ИРЕТ АМАН САКТАП КАЛДЫМ... КУДАЙ ӨЗУ САКТАСЫН, БАЛАНЫН БАШЫНА ЖАМАНДЫК ТҮШУП КАЛБАСА ЭКЕН...
ТАКТАП АЙТЧЫ, ЭМНЕ БОЛУПТУР?
КЕЧКЕ БОЛГОН ОКУЯЛАРДЫ АЙТЫП БЕРЕТ. НУРГАЗЫГА БОЛГОН ШЫЛДЫҢДАРДЫ, ЧАТТАГЫ БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ ЖАНА БАЛДАРДЫН МАМИЛЕСИН СҮРӨТТӨЙТ
АКМАТ, АПАКЕ ЖАНА АЙДАНА НУРГАЗЫНЫН ҮЙҮНӨ БЕТ АЛЫШТЫ.
146
ТЕРЕЗЕДЕН АЛАРДЫН ЭЛЕСТЕРИ КӨРҮНҮП, АТА-ЭНЕСИ МЕНЕН ЖЫЛУУ МАЕКТЕШИП ЖАТКАНЫ БАЙКАЛАТ.
ТАҢКЫ УЧУР. МЕКТЕП ДИРЕКТОРУНУН БӨЛМӨСҮ.
ТҮШҮНҮКТҮҮ... МАКУЛ, МАКУЛ.


АЙТКЫЛАЧЫ, БУТ КЛАСС БОЛУП БИРИГИП, БИР АДАМДЫ ШЫЛДЫҢДОО — БУЛ КҮЧТҮҮЛҮКТҮН БЕЛГИСИБИ?
НУРГАЗЫ ОТУРГАН КЛАССТЫН ИЧИ.
КУБАНЫЧ АГАЙ ӨЗҮ БИРИНЧИ "КЫЗ" ДЕДИ, БИЗ ОШОГО КОШУЛДУК...
БУЛ ҮЧҮН МУГАЛИМ ЖООП БЕРЕТ. МЕКТЕПТЕ ЗОМБУЛУККА ОРУН ЖОК! ШЫЛДЫҢ — БУЛ ДА ЗОМБУЛУКТУН БИР ТҮРҮ ЖАНА МЫЙЗАМ БУЗУУ!
ОО, КӨРДҮҢӨРБҮ, ДАРОО ДИРЕКТОРГО ДАТТАНГАН ЭКЕН!
КОШУНАЛАРЫ БАЙКАП, БИЗГЕ КАБАР БЕРИШТИ. НУРГАЗЫ СИЛЕР ТУУРАЛУУ БИР ООЗ ДА АЙТКАН ЖОК.
ТЕСКЕРИСИНЧЕ, АЛ СИЛЕРДЕН КҮЧ-ТҮҮРӨӨК ЭКЕНИН КӨРСӨТТҮ, БААРЫ-ҢАРГА ЖАЛГЫЗ ТУРУШТУК БЕРДИ.
СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГ
БАЛКИМ, БИЗ ЖӨН ГАНА БАШКАЧА ЖОЛДУ БИЛБЕГЕН ЧЫГААРБЫЗ?
БАШКАЧА ЖОЛ — БУЛ АДАМДЫН АБАЛЫН ТҮШҮНҮҮ, КЫЙЫН УЧУРДА АНЫ ЖАЛГЫЗ КАЛТЫРБАЙ, КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ. МЫНА УШУЛ — ЧЫНЫГЫ КҮЧ.
НУРГАЗЫ, САБАКТАН КИЙИН СҮЙЛӨШӨЛҮ, ЭЭ?
МАКУЛ!


БИР АЙДАН КИЙИН АЙДАНА МЕКТЕПТЕН ЧЫГЫП КЕЛЕ ЖАТКАН НУРГАЗЫ МЕНЕН АЙБЕКТИ КӨРҮП КАЛАТ.
САЛАМ, БАЛДАР! УБАКТЫҢАР БОЛСО, БИРГЕ БАСЫП, СҮЙЛӨШӨЛҮ?
ЧЫНЫН АЙТСАМ, МЕН АЯБАЙ ТУУРА ЭМЕС КЫЛДЫМ. НУРГАЗЫНЫ ШЫЛДЫҢДАГАНДАРДЫ КОЛДОП, АКМАКТЫК КЫЛЫПТЫРМЫН. БИЗ БААРЫБЫЗ СҮЙЛӨШҮП, КЕЧИРИМ СУРАДЫК. ТУУРА АЙТТЫМБЫ, БИР ТУУГАН?
ООБА... ОҢОЙ БОЛГОН ЖОК. БИР УБАКТА БААРЫ ТОКТОП КАЛГАНДАЙ СЕЗИЛДИ. БУЛ ЖАКТА ЭЧ КИМДИ ТААНЫБАЙМ. АПАМ ООРУКЧАН, АГА БООРУМ ООРУЙТ.
АГАМДЫ ДА ТЫНЧСЫЗДАНТКЫМ КЕЛГЕН ЖОК. АТАМ... ЭМНЕ БОЛГОНУН ӨЗҮҢӨР БИЛЕСИҢЕР...
ЭҢ КОРКУНУЧТУУСУ — БААРЫНЫН ЭЛЕ АЙЛАНАСЫНДА КОЛДОО БОЛБОГОНУ. СИЛЕР ДЕЛЕ ОКУП ЖАТАСЫҢАР ГО... КАНЧА БАЛА ЧЫДАЙ АЛБАЙ КАЛУУДА...
КЕЧИРЧИ... ОШОНДО АҢКОО, ТҮШҮНҮКСҮЗ БОЛУПТУРМУН. АЗЫР БОЛСО БАРДЫК КЛАСС, ЧАТТАРДА ЭРЕЖЕ ИШТЕЙТ — ЭЧ КИМ ЭЧ КИМДИ ШЫЛДЫҢДАБАЙТ!
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ УШИНТИП ЖАЗГАН, АДАМГА ЭҢ КЫЙЫНЫ - КҮН САЙЫН АДАМ БОЛУУ.
АЙТКЫЛАЧЫ, ОЛИМПИАДА БОЮНЧА ИШТЕР КАНДАЙ? КАЧАН МАКТАНАСЫҢАР?
БУЙРУСА, ЖАКЫНДА! ЧЫДАП ТУР!

**Билдирүү:** Мектеп - зомбулуктан алыс, ар бир бала өзүн коопсуз жана эркин сезе турган жай болушу керек.
Окуучу болобу, мугалим болобу - эч ким эч кимге жаман мамиле кылууга же кысым көрсөтүүгө укугу жок. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары шылдыңдоого, ушак таратууга, акча же мүлк талап кылууга жана бирөөнү өз жанын кыюуга жеткирүүгө каршы жоопкерчилик карайт. Мындан тышкары, жашы жете элек өспүрүмдөр үчүн да өзүнчө жоопкерчилик түрлөрү бар.

**Эсиңерде болсун:** эч качан бул көйгөй менен жалгыз калбагыла. Силердин колдоо жана коргоо алуу укугуңар бар. Эгер зомбулуктун курмандыгы болуп калсаңар — бул силердин айыбыңар эмес. Күнөө жалгыз гана зомбулук көрсөткөн адамда.

**Буллинг (зомбулук, мазактоо)**: Башка адамга зыянын тийгизүү же аны басынтуу максатында атайылап, кайра-кайра кайталаган агрессивдүү жүрүм-турум. Көбүнчө күч тең эмес абалда болот - күчү жеткендер алсызга карата колдонушат.

**Кибербуллинг (онлайн зомбулук):** Интернет же мобилдик байланыш каражаттары (Жана башка электрондук каражаттар) аркылуу шылдыңдоо, коркутуу, жалган маалымат таратуу, мазактоо же куугунтуктоо.

**Бойкот:** Бир адамды же адамдар тобун коомдук жашоодон обочодо калтыруу, алар менен сүйлөшпөй коюу же атайылап аралаштырбай коюу. Көп учурда басым көрсөтүү же жазалоо максатында колдонулат.
**Опузалоо:** Акча, буюм же башка нерселерди күч колдонуу коркунучу менен талап кылуу. Мисалы: “Бербесең, сени сабайбыз” деген сыяктуу.

**Кемсинтүү:** Башка адамды адепсиз сөздөр менен шылдыңдап, ар-намысына тийүү, кадыр-баркын басынтуу.

**Жалаа жабуу:** Бирөөнүн аброюна шек келтирген, атайылап таратылган жалган маалымат. Жалаа - башкаларды адаштырууга жана курмандыктын беделин түшүрүүгө багытталат.

**Кесепеттери**
Суицид тууралуу ойлор жана өзүнө кол салууга аракеттер: Кыргызстанда психологдон жардам алуу мүмкүнчүлүгү чектелүү. Ошондуктан, айрыкча өспүрүмдөр арасында зомбулукка (буллингге) кабылган балдарда өз жанын кыюу коркунучу жогорулайт.
**Ден соолукка тийгизген таасири:** Мазактоого туш болгон балдар көп ооруп калышы мүмкүн же мектепке баруудан баш тартышат. Бул алардын окуусуна жана күнүмдүк жашоосуна зыянын тийгизет.
**Келечектеги социалдык кыйынчылыктар:** Зомбулук баланын өзүнө болгон ишенимин төмөндөтүп, кийин эл менен мамиле түзүүдө жана кесип тандаганда кыйынчылык жаратышы мүмкүн.  Зомбулукка туш болгон бала кийин коомдон обочолонуп, жалгыздыкка же агрессияга өтүшү мүмкүн.
**Эмне кылуу керек? Кеңештер:**
– Бул тууралуу ата-энеңизге, жакын туугандарга, досторуңузга же мектеп жетекчилигине дароо айтып коюңуз.
– Сизге жиберилген билдирүүлөрдү, сүрөттөрдү, аудио/видеолорду сактап коюңуз - булар укук коргоо органдарына далил катары кызмат кыла алат.
– Кыргызстанда өспүрүмдөр үчүн ишеним телефону – 111 иштейт. Бул номерге күнү-түнү, акысыз жана жашыруун чала аласыз. Психологдор жана адистер сизге кеңеш берип, эмне кылуу керектигин түшүндүрүп беришет.
– Эгер зомбулук физикалык түргө өтүп, өмүрүңүзгө коркунуч жаралса — 102 номерине чалып, милицияга кайрылыңыз.
–  Эгер башка адам зомбулукка туш болуп жатса — муну көрүп туруп унчукпай коюу да кошо күнөө. Жардам бериңиз, чоңдорго же укук коргоочуларга кабарлаңыз.

**Бул басылма Internews ишке ашырып жаткан «Анык окуялар аркылуу аудиториянын туруктуулугун жогорулатуу» (CARAVAN) долбоорунун алкагында Европа Биримдиги тарабынан каржыланат. Анын мазмуну үчүн Жамааттык Медиа гана жоопкерчиликтүү жана ал Европа Биримдигинин жана Интерньюстун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.**